12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча **“Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу”** аттуу темадагы боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденүүгө сунушталган **Жээнбаева Ырысгүл Эшмаматовнанын** диссертациясы боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 Диссертациялык кеңешинин эксперттик комиссиясынын мүчөсү **юридика илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин административдик, каржы жана маалымат укугу кафедрасынын профессору Аманалиев Урмат Олжобековичтин**

## КОРУТУНДУСУ

Жээнбаева Ырысгул Эшмаматовнанын диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин (изилдоонүн) дал келүүсү.** Ош мамлекеттик юридикалык институтунун Окумуштуулар кеңешинин 2018-жылдын 27- январындагы №6 протоколу (учурда Ош мамлекеттик университети) менен бекитилген, **“Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу”** аттуу темадагы юридикалык илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган **Жээнбаева Ырысгүл Эшмаматовнанын диссертациясы** Д 12.24.695 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет.

**Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу** 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна жооп берет. Изденүүчү тарабынан жүргүзүлгөн бул изилдөө Кыргызстандагы алгачкы изилдөө катары баалоого болот. Изилдөөдө жогорку окуу жайларынын укуктук статусу бир катар тармактык илимдер аркылуу жыйымдуу изилденген, толук кандуу өз алдынча изилдөө катары баалоого болот. Изилдөөнүн ченемдик негиздерин Кыргыз Республикасынын колдонуудагы нормативдик-укуктук актылары , окуу жайлардын уставдары, жоболор, токтомдор саналат.

Диссертациялык изилдөө өз алдынча эмгек катары баалоо менен андагы коргоого алынып чыгылган жоболор, теориялык жана практикалык сунуштар иштелип чыгып аргументтелген. Кыргызстандагы мамлекеттин жана укуктун теориясы жана тарыхы илимин байытуу менен боштуктарды толтуруп, өз ара карама каршылыктарды жоюуга шарт түзөт.

Каралган илимий иш 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигинин паспортуна толугу менен жооп берет.

Сканировано с CamScanner

**2. Диссертациянын максаты** Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын укуктук статусун тутумдуу талдоо аркылуу жогорку окуу жайлардын, административдик, жарандык, билим берүү укуктук статустарынын маани-мазмундук жактарынын мүнөздүү белгилерин, көйгөйлүү жактарын аныктоо, жана жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштарды, жоболорду жана тыянактарды ишеп чыгуу саналат.

Диссертациялык изилдөөнүн максатына жетүү үчүн төмөнкү милдеттер коюлду:

- жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун жөнгө салуу менен байланышкан түшүнүк аппараттарын талдоо;
- Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануу, укуктук жактан жөнгө салынуусу эволюциясын изилдөө;
- жогорку окуу окуу жайларынын укуктук статусунун теорялык усулдук жактарын окуп үйрөнүү;
- жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусунун мазмундук, түзүмдүк жактарын окуп үйрөнүү;
- жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунун табиятын аныктоо;
- жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунун өзгөчөлүктөрүн аныктоо;
- Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун учурдагы тенденцияларын талдоо;
- жогорку окуу жайларынын учурдагы укуктук статусунун көйгөйлөрүн аныктоо менен аны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу саналат.

**2.1. Диссертациялык изилдөө обьектисинин максаты жана милдеттерине дал келиши.** Коюлган милдеттер изилдөө темасынын обьектиси жана предметине тиешелүү суроолорду ачып берүүгө максатталып, логикалык ирээттүүлүктө коюлган.

Диссертациялык изилдөөнүн обьектиси болуп Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн ченемдик актыларынын деңгээлинде укуктук жөнгө салуу процессинен келип чыккан коомдук мамилелер саналат.

Изилдөөнүн предмети болуп жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун ченемдик укуктук жактан жөнгө салуучу ченемдик актылардын жыйындысы саналат.

Изилдөөнүн усулдук негиздерин илимий таанымдын ар кандай болгон диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле грамматикалык, формалдуу юридикалык, тарыхый укуктук, салыштырма укуктук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык талдоо усулдары түздү.

Изилдөөнүн толук кандуулугун камсыз кылуу максатында түшүнүк аппараттарын классификациялоо менен өз ара байланыштарды жана көз

Сканировано с CamScanner

карандылыктарды аныктоо менен байланышкан лингвистикалык, логикалык ыкмалар колдонулган.

Адистик боюнча изилдөөгө коюлган талаптар 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистигине изилдөөнүн адистигине болгон талаптары туура келет.

**2.2. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу:** Кандай гана коом болбосун анын өзөгүн, түптөлүшүн билимдүү жана илимдүү адамдар калыптандыраары шексиз. Билим адамзат муунунун маданиятын, тарыхын, улантуучу каражат катары кызмат кылат. Билим адамзат жашоосундагы эчен кылымдан бери кошо келе жаткан сапаралаш кубулуш катары коомдогу адамдардын руханий, адеп-ахлактык, интеллектуалдык сапаттарын калыптандыруу менен гана чектелбестен, мамлекеттүүлүктү калыптанышына дагы олуттуу салым кошот.

Билим маанилүү социалдык баалуулук, институт саналгандыктан ал мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бирин түзөт. Илимдүү жана билимдүү коом өнүккөн өлкөнүн түпкүрүн түзөт.

Эгемендүүлүк алгандан баштап Кыргызстан билим берүүгө өзгөчө көңүл бөлө баштады. Улуттук билим берүү тутумдарын калыптандыруу менен бирдикте аны укуктук жактан жөнгө салуу милдетин койду.
Бул өз кезегинде жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун аныктоо, жөнгө салуу боюнча бир канча фундаменталдуу изилдөө жүргүзүүнү шарттайт.

Жогорудагы жагдайлар изилдөө темасынын актуалдуулугун жаратат. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштар, жоболор иштелип чыгуу зарылчылыгы келип чыгууда.

**3. Илимий натыйжалар**

Илимий изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор аныктамалар теориялык жана практикалык мааниге ээ:

**1-жыйынтык.** Кыргызстандагы жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусунун, алардын түрүн, тибин, талдоо аркылуу жогорку окуу жайынын түшүнүгү иштелип чыгылган.

**2-жыйынтык.** Кыргызстандагы советтик мезгилдеги жогорку окуу жайларынын калыптануусу алардын ыйгарымдары, жөнгө салынуучу ченемдик актылардын калыптануу эволюциясынын талданып, алардагы ыйгарым укуктарын, аракеттенүүчү ченемдердин, уюушумдук негиздери жалпыланып, алардын айырмачылыктары аныкталаган;

**3-жыйынтык.** Юридикалык жак катары жогорку окуу жайынын жарандык укуктук мамилелерге катышуусу талданып, анын жарандык жүгүртүүдө катышуусунун контекстинде укук милдеттери аныкталган.

**4-жыйынтык.** Жогорку окуу жайларынын башкаруу ички жана сырткы жалпы ачык мамилелердеги ыйгарымдары, милдеттери алардын укуктук табиятынын өзгөчө белгилери каралган.

Сканировано с CamScanner

**5-жыйынтык.** Билим берүү укуктук статусундагы ченемдердин жыйымы, аларды кабыл алуу, аракеттенүүсү, мазмундук өзгөчөлүктөрү талданып жалпыланган.

**6-жыйынтык.** Учурдагы жгогорку кесиптик билим берүү ишмердүүлүгү менен алектенген мекемелердин укуктук статусунун өнүгүү тенденциялары, өзгөчө укуктук статусун жогорку окуу жайларына тийгизген таасирин талдоо менен учурдагы аракеттенүү тенденциялары жалпылаштырылган.

**7-жыйынтык.** Жогорку кесиптик билим берүүнү жөнгө салуучу ченемдерди өркүндөтүү боюнча тийиштүү мыйзам актыларына катар өзгөртүү жана толуктоолор сунушталган.

**3.1. Диссертацияда изденүүчү тарабынан жасалган ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), тыянактын жана корутундунун жаңылык даражасы.**

**1-жыйынтык.** Жаңы болуп эсептелет, ал жогорку окуу жайынын аныктамасы, уюушумдук, ведомстволук къз карандылыгы, адистешүүсү сыяктуу элементтерди эске алуу менен түшүнүк апараты сыпатталган.

**2-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы, тарыхый аспектилер боюнча бир катар илимий изилдөөлөр бар, ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларынын уюштуруу менен жөнгө салуучу ченемдердин хронологиясы баяндалып алардын мазмундук өзгөчөлүктөрү аныкталган.

**3-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат. Анткени жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес юридикалык жак катары жарандык укуктук мамилелерге катышуучу субъектилердин тобуна кирет жана алардын ыйгарымдары менен жөнгө салынат. Ошону менен бирге жогорку окуу жайларынын укук, аракет жөндөмдүүлүктөрүнүн пайда болуусунун өзгөчөлүктөрү белгиленген.

**4-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат, алгачкылардан болуп жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусу өз алдынча изилденип анын мазмундук жактары ачыкталган.

**5-жыйынтык.** Жаңы болуп саналат. Кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук сатусу боюнча изилдөөлөр жокко эсе жана алгачкылардан болуп бул статус жыйымдуу изилденип анын тутуму аныкталган.

**6-жыйынтык.** Салыштырмалуу жаңы болуп саналат. Жогорку окуу жайлардын учурдагы абалы алардын оң жана терс жактары бир топ илимдин тармактары аркылуу изилдеген. Учурдагы жогорку окуу жайларынын чарбалык статусунун кеңейтүү зарылчылыктары каралган.

**7-жыйынтык.** Жаңы, жогорку окуу жайларынын укуктук статусу менен байланышкан ченемдер тутумуна бир катар толуктоолор сунушталып, өз алдынча жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө мыйзам кабыл алуу аргументтелген.

**3.2. Диссертацияда иштелген изденүүчүнүн ар бир жыйынтыктын (илимий жобонун), тыянактын жана корутундунун негизделгендигинин жана ишеничтүүлүгүнүн даражасы.**

Сканировано с CamScanner

**1-жыйынтык.** жыйынтык ынанымдуу, аргументтүү себеби жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун мазмунунан келип чыккан уюштуруу укуктук формаларынын, уюмдаштыруучулардын өзгөчөлүктөрүн талдоо аркылуу алынган.

**2-жыйынтык.** Негиздүү жана ынанымдуу, бир катар тарыхый документтер ченемдик актылар, жоболорду талдоо аркылуу Кыргызстандагы жогорку окуу жайларын уюуштуруунун укуктук негиздерин окуп үйрөнүү аркылуу алынган.

**3-жыйынтык.** Негиздүү жана ынанымдуу. Жогорку окуу жайларынын коомдук мамилелерде катышуудагы анын ичинде жарандык жүгүртүүдө катышуусу, укук жана милдеттерин талдоо аркылуу алынган.

**4-жыйынтык.** Негиздүү, Билим берүү мыйзамында каралган билим берүү боюнча мамлекеттик борбордук органдын, жалпы ачык бийлик органдары менен болгон укуктук ыйгармыдарын жалпылоо менен ички башкаруу тутумун талдоонун натыйжасында алынган.

**5-жыйынтык.** Негиздүү, жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүндөгү ички локалдуу актылар тутумун жана түзүмүн талдоонун натыйжасында алынган.

**6-жыйынтык.** Негиздүү жана ынанымдуу. Кыргызстанда калыптанган жана аракеттенип жаткан жогорку окуу жайларынын абалын, өнүгүү багыттары ар тараптуу талдоонун натыйжасында алынган.

**7-жыйынтык.** Негиздүү, анткени жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик актыларды терең талдоонун натыйжасында алынган.

**3.3. Диссертациянын теориялык жана экономикалык мааниси.** Диссертациянын түзүмү изилдөөнүн обьектисине жана предметине жараша коюлуп ички биримдикке ээ. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган илимий тыянактар жана жоболор, юридика илимине автордун жеке салымын кошкондугун тастыктайт. Изденип алуучунун сунуштары жана тыянактары көрсөтүлгөн укуктун тармагынын актуалдуу илимий-теоретикалык жана практикалык көйгөйлөрүн чечүүгө багытталган.

Жүргүзүлгөн изилдөө өз алдынча эмгек катары ички биримдикке жана бүтүндүк мүнөзгө ээ, суроолор коюлган максатка жетүү үчүн бирдиктүү милдеттерди чечүү менен ишке ашырылган. Автор Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн ченемдик укуктук жактан жөнгө салууну жакшыртуу боюнча бир катар бир катар иштиктүү сунуштарды иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк алган.

Диссертациялык изилдөөнүн экономикалык мааниси төмөнкүлөрдө камтылат; чыгарылган тыянактар, жоболор жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо, алардагы боштуктарды толуктоодо, мыйзам чыгаруу органдары тарабынан өзгөртүү толуктоолорду киргизүү аркылуу жогорку окуу жайларынын укуктук статусун так аныктоого жардам бериши мүмкүн. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларындагы ыйгарым укуктардын так аныкталышын, өзгөчө макамга ээ болгон окуу жайлардын кайсыл ыйгарымдарды кеңейтүү зарылдыгын алдын ала аныктайт. Жогорку

Сканировано с CamScanner

окуу жайларынын натыйжалуу ишмердүүлүк жүргүзүүсүнө көмөктөшөт.

**3.4. Бул эмгек кандидаттык диссертациянын төмөнкү классификациялык критерийлерине туура келет тактап айтканда:**

Изилдөөнүн натыйжасында алынган натыйжалар жогорку окуу жайларынын укуктук статусу боюнча теориялык жактан жаңы багытты аныктап, анын ички түзүмүнүн мазмунунун жыйымдуу бир катар тармактар аркылуу жөнгө салынуучу институт катары кароого шарт түзгөн.

Диссертациянын натыйжаларынын жаңылык деңгээлине ылайык, жыйынтыктар жаңы, салыштырмалуу жаңы;

Диссертациянын натыйжаларынын баалуулугу боюнча ал жогору;

Диссертациянын темасына байланыштуу пландалган изилдөө, өз алдынча демилгеленүүчү иштерге таандык;

Диссертациялык иштин натыйжаларын пайдалануу деңгээлине ылайык- тармактар аралык деңгээлде:

Диссертациянын натыйжаларын кеңири колдонуу боюнча сунуштарга ылайык, колдонулуучу мааниси бар, кеңири колдонууну талап кылат.

**4. Алынган жыйынтыктардын тажрыйбалык маанилүүлүгү.**

Ы.Э. Жээнбаеванын кандидаттык диссертациясында алынган илимий жыйынтыктар төмөнкүлөрдө колдонулуусу мүмкүн:

Мыйзам чыгаруучулук ишмердүүлүгүндө, жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салууда, мамлекеттин билим берүү боюнча укуктук саясатында, мамлекеттин жана укуктун теориясынын курсун окутууда, бул жааттагы илимий изилдөөлөрдө, окуу процесстеринде колдонулушу мүмкүн.

**5. Диссертациянын мазмунуна авторефераттын дал келгендиги**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган максаттарга жана изилдөөнүн маселесине толугу менен туура келет. Автореферат бирдей мазмундагы кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмеге ээ.

**6. Эскертүү:**

1. Биздин оюбузча, диссертацияда өзгөчө статус боюнча талдоо жүргүзүлсө жакшы болмок.

2. Диссертациялык иште жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн токтотуу боюнча суроолор каралса жакшы болмок.

Бул сын-пикирлер дискуссиялык мүнөзгө ээ жана диссертациялык иштин мазмунуна таасирин тийгизбейт.

**7.Сунуштар:**

1. Өзгөчө укуктук статус алган жогорку окуу жайларынын укуктук статусундагы тармактар аралык жөнгө салынган ченемдерди топтоштуруу сунушталат .

2. Учурдагы жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусундагы ички укук милдеттерди толук кандуу ачып берүү сунушталат.

**8. Жетектөөчү уюмду, расмий оппоненттерди дайындоо тууралуу сунуштун негиздүүлүгү:**

Д 12.24.695 Диссертациялык кеңешине Жээнбаева Ырысгүл Эшмаматовнанын кандидаттык диссертациясы боюнча

Сканировано с CamScanner

**Жетектоочу уюм** катары 12.00.01 адистиги боюнча юридикалык илимдердин докторлору иштеген Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз Россия Славян университетинин мамлекет жана укук теориясы жана тарыхы кафедрасы;

**- биринчи расмий оппонент катары** – юридика илимдеринин доктору, доцент **Жумабекова Турдукан Абдыкарыевна** (12.00.01 авторефераты боюнча адис); анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1.Жумабекова, Т. А. Кыргыз Республикасында коомду демократиялаштыруу жана эл аралык аталгы таануда - жарандык укуктар / Т. А. Жумабекова // Известия ВУЗов Кыргызстана. – 2017. – № 1. – С. 144-148.

2.Жумабекова, Т. А. Социальная политика как государственное институциональное устройство по правам человека / Т. А. Жумабекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – 2016. – № 7. – С. 207-213.

3.Жумабекова, Т. А. Роль правового сознания в решении проблем прав человека / Т. А. Жумабекова // Известия ВУЗов (Кыргызстан). – 2012. – № 2. – С. 203-205.

**Экинчи расмий оппонент катары** – юридика илимдеринин кандидаты, доцент (автореферattтын адистиги – 12.00.01). **Төрөмырзаев Темирлан Төрөмырзаевич** Кувейт эл аралык университетинин юрипруденция кафедрасынын доценти. (12.00.01 авторефераты боюнча адис); анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

1.Төрөмырзаев Т.Т. Содержательные и социально-философские аспекты особенности права. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 200-203.

2. Төрөмырзаев Т.Т. Теоретическое обоснование конституционно - правового статуса гражданина в Кыргызской Республике .2013. №. 8. с. 46-48

3. Джаркымбаева А.К. Төрөмырзаев Т.Т. Правовые проблемы реализации теории правового воспитания. Международный журнал гуманитарных и естественных наук, №. 2-2, 2019, С. 155-159

**9. Корутунду:**

Экспертизага берилген диссертациялык изилдөө мамлекет жана укук теориясын, укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы багыты боюнча илимди байытуу, боштуктарды толтуруу, карама каршылыктарды жоюу боюнча өз алдынча изилденген ички биримдикке ээ болгон эмгек катары кароого болот. Андагы алынган натыйжалар теориялык илимди толуктоо боюнча натыйжаларды өзүнө алат.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы көрсөтүлгөн документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Мамлекет жана укук институтуна, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Ош мамлекеттик университетине

Сканировано с CamScanner

караштуу юридика илимдери боюнча Д 12.24.695 диссертациялык кеңешине 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы, адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алуу үчүн Жээнбаева Ырысгүл Эшмаматовнанын **“Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу”** темасындагы кандидаттык диссертациясын кабыл алууга сунуштайт.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү:**
**Юридика илимдеринин доктору, профессор** **У.О. Аманалиев.**

*Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктаймын:*

**Д 12.24.695 Диссертациялык кеңешинин**
**Окумуштуу катчысы,**
**юридика илимдеринин доктору** **К.С. Жылкичиева**

***2025 ж.*** « 20 » 03

Аманалиевдин колун тастыктайм
КБнун ... ст. отд. Курудбекова Б.